Педагогикалык кеңеш тарабынан
кабыл алынган
Буйрук № 50
«18» 03 2020-ж.

«Бекитемин»
Мектеп жетекчиси __________ Исаева А.Б.
«18» 03 2020-ж.

# Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин дистанттык окутуу жөнүндө
# Жобо

1.1. Бул жобо Иса Байбеков атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин жалпы билим берүүчү программаларды пайдалануу менен аралыктан билим берүү технологияларын жана электрондук окутуу эрежелерин ишке ашыруусун белгилейт.

1.2.Бул жобо:

- Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2020-жылдын 14-мартынан коронавирустук инфекциянын таралышын алдын алуу жана ага жол бербөө боюнча чечимдери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22-мартынан 22-апрелге чейин КРнын өзгөчө кырдаал киргизүү жөнүндө;
- КРнын Президентинин 2020-жылдын 24-мартынан "Ковид-19 коронавирустук инфекциялар катталган райондордо жана шаарларда өзгөчө абал киргизүү жөнүндөгү" жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө мыйзамынын" 14-беренесине ылайык мамлекеттик билим берүү стандарты жалпы билим берүү мектептеринин окуучулардын окуу материалын өздөштүрүү максатында КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген.
- Билим берүү уюмдарында эрте каникулдарды орнотуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 14-мартынан №282/1 буйругунун негизинде.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүу жана илим министрлигинин 2020-жылдын 26-мартынан "2019-2020-окуу жылында окуу программаларынын аткарылышы жөнүндөгү №326/1 буйругунун негизинде.

1.3. Электрондук окутуу - билим берүү программаларын ишке ашырууда маалымат менен жана ошондой эле маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарды камсыз кылуучу байланыш линиясы боюнча көрсөтүлгөн маалыматтарды окуучулардын жана педагогикалык кызматкерлердин өз ара байланышын камсыз кылат.

1.4.Мектеп билим берүүнүн катышуучуларына электрондук жана техникалык буюмдарды колдонуу менен аларды туура тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн маалымат берет.

1.5.Электрондук окутуу системасынын негизги элементтери:
- Онлайн-платформалар;
- Билим берүү сайттарында жайгаштырылган санариптик билим берүү ресурстары;
- Скайп, электрондук почта жана социалдык тармактар.

## 2. Максаттары жана милдеттери

- Жекече билим берүү жана окутуунун жолдорун ишке ашырууга шарттарды түзүү

- Заманбап маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар каражаттарын колдонуунун эсебинен окутуунун сапатын жогорулатуу
- Билим берүү процесси үчүн окуп жаткандар үчүн бардык ыңгайлуу убакта ар кандай маалыматтык ресурстарга ачык жетүү
- Мектептин бирдиктүү билим берүү чөйрөсүн түзүү
- Окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу